Жеке маалыматтар субъектисинин анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу

Муну менен мен, (ФАА)____________________________________________________________, жашаган дареги: ________________________, байланыш телефону: ______________________, электрондук почта: ______________________________, "Умай Групп" ЖЧКга (Бишкек ш., Чокан Валиханов көч., 16-үй) (мындан ары текст боюнча – жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси) деп аталган) жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын аткаруунун алкагында төмөнкүлөргө эркин, конкреттүү, шартсыз, аң-сезимдүү жана өз эрким менен макулдугумду берем:

- менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү) топтоштуруу, блоктоо, жок кылуу);
- жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга берүүгө;

- жеке маалыматтарды мамлекеттик маалыматтык тутумдар жана/же башка жеткиликтүү маалымат булактары аркылуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык мамлекеттик органдарда текшерүүгө,

"Умай Групп" ЖЧКнын сапаттуу кызмат көрсөтүүсү, тейлөө сервисинин деңгээлин жана маркетингдик активдүүлүктү жогорулатуу максатында, анын ичинде төмөнкү максаттар үчүн:

• Колдонмону анын функционалдык арналышы боюнча пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү;
• келишимдерди (макулдашууларды) түзүү жана аткаруу;
• маркетингдик, жарнамалык кампанияларды/акцияларды жүргүзүү, жеке каалоолорду талдоо жана жүрүм-турумга мониторингди жүргүзүү, ээсиздендирилген жеке маалыматтардын базасында отчетторду, статистикалык талдоону жана ар кандай изилдөөлөрдү түзүү, ошондой эле жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) жана анын өнөктөштөрү тарабынан кайтарым байланышты жүргүзүү, анын ичинде билдирүүлөрдү, суроо-талаптарды жөнөтүү үчүн, анын ичинде жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) жана өнөктөштөрдүн товарларын, иштерин, кызматтарын рынокто, анын ичинде, бирок чектелбестен, жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) жана анын өнөктөштөрүнүн ыктыяры боюнча гана sms-сервистер, электрондук почта, электр байланышы аркылуу илгерилетүү максатында;
• жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) өнөктөштөрүнүн кызматтарын көрсөтүү;
• максаттуу аудиторияга жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) жана/же үчүнчү жактардын жарнамалык материалдарын, төмөнкү жеке маалыматтарды (анын ичинде алардын өзгөрүшү жөнүндө маалыматтарды) жайылтуу:

- ✓ фамилиясы, аты жана атасынын аты;
- ✓ туулган күнү;
- ✓ катталган жана/же жашаган дареги;
- ✓ билими жөнүндө маалымат;
- ✓ социалдык статусу;
- ✓ үй-бүлөлүк абалы;
- ✓ жынысы;
- ✓ cookie файлдары;
- ✓ геолокация;
- ✓ электрондук почта;
- ✓ телефон номери;
- ✓ балдарынын туулган күндөрү;
- ✓ үй жаныбарларынын болушу;
- ✓ автоунаанын болушу.

Ушул макулдук бир жолу берилет жана жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси) менин жеке маалыматтарымды алган учурдан тартып жарактуу болот, менин жеке маалыматтарымдын жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) суроо-талаптарынын санынан көз карандысыз, жеке маалыматтар массивин кармоочуда (ээсинде) тейлөөнүн бүткүл мөөнөтүнүн ичинде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталган жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган жеке маалыматтарды же документтерди сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин колдонулат.

Мен төмөнкүлөр менен тааныштым, түшүнөм, ырастайм жана макулмун:

- ушул макулдук мен өз колум менен койгон кагаз түрүндөгү документке мааниси бирдей деп таанылган электрондук документ болуп саналат (жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз кол тамгасын койгондогудай юридикалык кесепеттерди жаратат) жана жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси)

тарабынан менин жеке маалыматтарымды берүүгө жана пайдаланууга эркин, конкреттүү, шартсыз жана аң-сезимдүү өз эркимди билдирем;

- ушул макулдуктун алкагында берилген менин жеке маалыматтарым ушул макулдукта көрсөтүлгөн жеке маалыматтар массивин кармоочулардын (ээлеринин) ар биринин маалымат базасына жеке маалыматтар массивин кармоочуга (ээсине) зарыл болгон көлөмдө, алардын ар бири үчүн өзүнчө тастыктоонун зарылдыгы жок киргизилиши мүмкүн;
- мен жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) өзү аныктаган аталыш менен жеке маалыматтар массивинин кармоочусунан (ээсинен) жөнөкөй электрондук кол тамга катары таанылган код бар SMS-билдирүүнү жана/же push-билдирүүнү алууга макулмун;
- SMS-билдирүү жана/же push-билдирүү менен алынган кодду киргизүү менин ушул макулдуктун шарттарына макулдугумду ырастоо болуп саналат жана бул код жана аны киргизүүнү өз колум менен койгон кол тамгага эквиваленттүү жөнөкөй электрондук кол тамгам жана менин идентүүлүгүмдү ырастоо ыкмасы экенин таанайм;
- жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдукту мен андан макулдук артка чакыртылып жаткан жеке маалыматтар массивин кармоочуга (ээсине) эркин формада жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде артка чакыртып алышым мүмкүн. Макулдук артка чакыртып алынган учурда менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгуу “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн;
- менин жеке маалыматтарымды үчүнчү тарапка берүү фактысы жөнүндө кабарлоо формасы жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси) тарабынан өз алдынча жана жеке маалыматтар массивин кармоочунун (ээсинин) ыктыяры боюнча аныкталат.

Мен жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболору, анын ичинде жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга анын макулдугун алуу тартиби менен тааныштканымды ырастайм. Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктар жана милдеттер мага түшүнүктүү.

Менин толук эмес маалыматты берүүмдүн кесепети болуп юридикалык укуктук мамилелердин пайда болушунан жана белгиленишинен баш тартуу саналат, ошондой эле атайылап жалган маалыматтарды жана/же документтерди бергендигим үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кылмыш жана башка жоопкерчилик каралган.

Муну менен мен жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жакка берүү зарыл болгон учурда жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси) жогоруда көрсөтүлгөн иш-аракеттерди аткаруу үчүн мен тууралуу маалыматты жана менин жеке маалыматтарымды мындай үчүнчү жактарга жана башка ыйгарым укуктуу жактарга зарыл көлөмдө ачыкка чыгарууга, ошондой эле көрсөтүлгөн жактар маалыматтардын купуялуулугун тийиштүү түрдө сактаган шартта мындай маалыматты камтыган тиешелүү документтерди мындай жактарга берүүгө укуктуу экендигин таанайм жана ырастайм.